# Эки баатыр



Автор: Халида Токоева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Эки баатыр

Автор: Халида Токоева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Эки баатыр" (кыргыз тилинде), автор Халида Токоева, сүрөтчү  Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Баяман менен Максат мектептен чыгып, суу бойлоп үйүнө бара жатышкан.

– Баяман, карасаң, бир нерсе агып бара жатабы?

– Кана?

– Тигине, бала окшойт, – деп Максат айтып оозун жыйганча, Баяман дароо аккан сууну көздөй чуркады.

Аркасынан Максат да жүгүрдү.  Достор сумкаларын туш келди ыргытып жиберип, ойлонбостон суугa кириштн.

– Ой! Карман!

– Коркпо!

– Мына, биз азыр...



Аттап-буттап кызга жетишти. Шар аккан суунун агымына туруштук берип, бири-бирине жардамдашып, кичинекей кызды жээкке алып чыгышты. Аны чалкасынан жаткырып, Баяман ТТКН сабагынан үйрөнгөнү боюнча алгачкы жардамды көрсөттү.

Аңгыча эле балдарды көчөдө өтүп бара жаткан китепкананын кароолчусу көрүп калды. Алыстан эле:

– Балдар, эмне болду? – деп кыйкырды.

– Кызды суудан алып чыктык. Эсине келбей жатат, – деп тынчсыздана жооп берди Максат.

Кароолчу балдарды көздөй жүгүрүп келе калды. Ал балдарга жеткенче, кичинекей кыздын оозунан суу кетип, чакап-чукап эсине келди.

Аңгыча окуя болгон жерде адамдар топтолуп калды.

– Бул эки бала кызды суудан алып чыгышыптыр. Алгачкы жардамды да көрсөтүп коюшуптур, – деди кароолчу байке.

– Оо, балдар, азаматсыңар!

– Шар аккан суудан кызды кантип алып чыктыңар?

– Биринчи жардамды көрсөткөндү кайдан билесиңер?

– Окуя кандай болду? – деп жыйналган эл туш-туштан суроолорду жаадырышты.





Апасы таштанды төккөнү чыгып, дарбазаны бекитпей калган эле. Кичинекей Айдай дарбазанын ачык экенин көрүп, короодон чыгып кеткен. Ал чыгары менен дароо арыктагы сууга жөнөгөн. Эңкейип колун сууга салам деп жатып арыкка түшүп кеткенин эч ким көргөн эмес.

Болгон окуяны болгондой, балдар биринен-бири жарышып айтып берип жатышты. Мектептен Бактыгүл эжейи биринчи жардамды туура көргөзгөндү үйрөткөнүн да айтып беришти.

– Силер, чыныгы баатыр турбайсыңарбы! – деди бирөө.

– Баракелде! Азаматсыңар! – дешип баары балдарды мактап, алкыш айтып жатышты.

Суу болгондоруна карабай, Баяман менен Максат кичинекей бөбөктү куткарып алгандарына сүйүнүп турушту. Аңгыча чакырылган тез жардам унаасы Айдайды апасы менен бирге салып кетти.





Балдар эртеси мектепке келгенде, аларды баары кубанычтуу тосуп алышты. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өкүлү адам өмүрүн сактап калган эки балага “Жаш баатыр” деген төш белгини такты.

Айдайдын атасы да балдарга терең ыраазычылык билдирди.

Тегеректеп турган мектеп окуучулары чоң эрдик жасаган кичинекей эки баатырды куттуктап жатышты. Алар менен улам бири сүрөткө түшүп жатты.

Классташтары болсо ушундай баатыр балдар менен бирге окугандарына сыймыктанып турушту.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Халида Токоева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли